***Токурова А. Ө, Жалилова Н.К.***

**А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын интерактивдүү ыкмалар менен окутуу**

Өлкөбүздөгү өткөөл мезгил башка тармактар менен катар эле билим берүү системасында да демократиялык процессти бекемдөө, өрчүтүү жана инсанга багыттап окутуу проблемасын коюп отурат. Билим берүүнүн структурасы, мазмуну, формалары өзгөртүлүп жаңыга умтулууга жол ачылды. Ушундай шартта сабактын жаңы формаларын изденүү, эл аралык педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү, аны окутуу жараянынын ишмердүүлүгүндө пайдалануу зарылдыгы келип чыгууда.

1998-жылдан бери практикаланып келе жаткан Сорос-Кыргызстан фондунун «Step bu step» («Кадам артынан кадам») программасынын негизинде «Активдүүлүк борборлору» менен иштөө, окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ойломду өнүктүрүү, Блумдун ромашкасы жана башка интерактивдүү окутуу усулдары окуучу менен мугалимдин, мектеп менен коомчулуктун, ата-энелер менен педогогикалык жамааттын ортосундагы кызматташтыкты күчөтүүгө, бүгүнкү күндүн талабына ылайык дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбаны колдонуп, жеке инсандын жан дүйнөсү, кызыкчылыгына багытталган окутуп-тарбиялоонун мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө шарт түзүүдө.

Ал эми ЮНИСЕФ уюму Глобалдык билим берүү программасын сунуштаган. Анын үстүндө республикабыздын бир нече мектептери иштеп жаткан учур.

«Глобалдык» деген сөздү чечмелөөдө алгач глобус көз алдыга келет. Ал жер шарынын кичирейтилген модели, аны ар түрдүү максатка ылайык окуу куралы катары пайдаланышат. Глобалдык билим берүү – жер шарын, космосту, дегеле, бүт ааламды өтө кеңири системалуу байланышта карайт. Демек аны жергиликтүү жана дүйнөлүк жашоо шартка тиешелүү өз ара гумандуулук жана жалпы адамзатты табият менен бир бүтүн шайкеш система катары кароо маселелери аркылуу билим берип окутуу дегендик. [1]

Глобалдык билим берүүнүн максаты - ар бир инсанга багытталган билим-маалыматтардын негизинде окутуу, жеке инсандын мүмкүнчүлүктөрүн ачуу, Адам менен жаратылыштын ортосундагы, планетадагы экологиялык балансты, байланыштарды сактоодо жоопкерчиликти сезген гумандуу, перспективдүү, ой жүгүртүүчү, сабаттуу инсандарды тарбиялоо.

Сынчыл ойлом – бул методика, дүйнөлүк алдыңкы педагогдордун табылгасы. Ал маалыматты кабыл алуудан баштап, чечим кабыл алууга чейинки процессти өз ичине алат. Сынчыл ойломдун стратегиялары: башкарып окутуу, тыным менен окуу, инсерт, Венндин диаграммасы, концептуалдык карта, чаташкан логикалык чынжырлар ж.б.

Интерактивдүү усулдар, ыкмалар мектеп мугулимдери тарабынан кеңири колдонулуп окуучулардын терең билим алуусуна, окууга кызыгуусуна, өз ойлорун тартынбай айта алуусуна, өз алдынча ой жүгүртүүсүнүн калыптанышына, башка бирөөнүн оюн урматтай билүүгө өбөлгө түзүп жатат.

Педогогикалык жараянга акыркы учурда кирген жаңылануулар, жаңылыктар жөнүндө жалпы сөз кылуу менен биз бул нерселерди конкреттүү теманы өтүүдө сабакта пайдалануунун бир нече мисалдарын иштеп чыгууга аракет кылабыз.

А. Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутуу боюнча бир топ бай тажрыйба советтик педагогикадан бери эле бар экени талашсыз.

Эми бул ушул чыгарманы окутуунун жаңы технологиялары, интерактивдүү усулдар менен үйрөнүүнүн бир нече шилтемелерин сунуш кылабыз.

«Толубай сынчы» 6-класста окуп – үйрөтүлөт. Бул класстагы окуучулар сабактын оюн формаларына көбүрөөк кызыгышат. Мындай сабакты өткөрүүдө мугалим окуучуларга эркиндик берип, өзү да ачык, жайдары мүнөздө болушу керек. Окуучунун ар бир аракетин кубаттап (эгер ал туура багытта баратса), «жакшы» деп сүрөөгө алып туруу ашыктык кылбайт. Мындай шартта балдардын эркин өз алдынча болууларына чек коюлбайт. Тескерисинче, алардын аналитикалык ой жүгүртүүлөрү өөрчүп, жыйынтык чыгарууга

---

[1] Кыргыз тили жана адабияты боюнча сабактардын фрагменттеринин модели (V-VI Кл) -Б. «Архи», 2007.

үйрөнүшөт. «Кызыктар дүйнөсүнө саякат» деген темада 3 мүнөт окуучулар менен баарлашуу «муз жаргыч» катары сабактын андан ары кызыктуу жүрүшүнө ыңгайлуу шарт түзүп берет. Окуучулар өздөрү массалык маалымат каражаттарынан, же китептерден таап келген маалыматтарды, кызыктуу материалдарды айтып беришет. Аларды айтып берүү менен окуучулардын таанып-билүүсү, сүйлөө речи өсөт. Поэма толук окулуп бүткөндөн кийин жыйынтыктоочу сабакта улуттук оюндардын формасында оюн-сабак өтүүгө болот. Мисалы, «Ак  Терек көк Терек» оюнунун формасында окуучуларды эки жаатка бөлүнүп суроолорду берип, аларга жооп алуу менен сабакты кызыктуу өткөрүү мүмкүн.

Мектеп практикасында «Кадам артынан кадам» программасы бир нече жылдардан бери кеңири колдонулуп жатат. Программадагы окутуунун негизги формасы – активдүүлүк борборлору. Борборлорду уюштурууда окуучулардын жаш өзгөчөлүгү сөзсүз эске алынат.

Анын негизги максаты:

- түрдүү курактагы балдарды ачык коомго тарбиялоо;
- балдарды эркин, өз алдынча, сынчыл ой жүгүртө алууга үйрөтүү;
-окуучуларды ар кандай билим ыктарына, биргелешип изденүүгө жана билимге ээ болууга машыктыруу;
- инсан аралык позитивдүү, туура карым-катышка көнүктүрүү;
- эң негизги өмүр бою өз алдынча окууга даяр турган адамды тарбиялоо.

«Толубай сынчы» поэмасын аталган усул менен өтүүдөгү сабактын иштелмесин сунуш кылабыз.

Бул интерактивдүү усул менен сабак өтүүдө төмөнкүдөй активдүүлүк борборлорун түзүп алабыз:

1. Тарых борбору;
2. Тил борбору;
3. Адабият борбору;
4. Сүрөт борбору;
5. Мыйзам борбору.

Окуучулар 1ден 5ге чейин саноо менен 5 топко же борборго бөлүнөт. Мисалы, «1»лер тарыхчылар, «4»дегендер сүрөтчүлөр ж.б.у.с. Борборлор бөлүнгөндөн кийин ар бир топ өз орундарына жайгашышат, топ башы тандап алышат. Топтордун аты жазылган табличкалар ортосуна (ар бир столдун) коюлуп, өздөрүнүн эмблемалары болот.

Сабактын максаты:

1.  Окуучулардын «Толубай сынчы» поэмасы боюнча алган билимдерин ар тараптуу тереңдетүү;
2. Окуучуларды биргелешип иштөөгө, өз ойлорун тартынбай айта билүүгө үйрөтүү;
3. Сабакты кызыктуу, максаттуу, түрдүү формада уюштура билүүгө машыгуу;
4. Окуучуларды өз ара мамиле түзө билүүгө, бирин-бири сыйлоого үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы:

Ар бир борбор максатына ылайык каражаттар менен камсыз болот.

Сабакта колдонулуучу ыкмалар:

1. Традициялык ыкмалар
2. Инновациялык ыкмалар

Сабактын жүрүшү:

Окуутуучу алдын ала таркатылган эмблемалар боюнча окуучулардын орун алышын көзөмөлдөйт, андан кийин сабактын темасы жөнүндө  түшүндүрүп, тапшырманы сунуш кылат. Бул тапшырмалар мурдатан даярдалып борборлорго таркатылат. Мисалы, тарыхчылар борбору сары түстөгү эмблемалары, адабиятчылар кызыл, сүрөтчүлөр жашыл ж.б. түстөр менен берилип, ошол түстөгү эмблемага ээ болушат.

Сабакты уюштуруу:

Муз жаргыч.

1. Комплимент айтуу - «Жакшы сөз жан эритет» (окуучулар  бири-бирине комплимент айтышат: «сен бүгүн абдан жакшы көрүнүп турасың», «Сенин формаң жакшы жарашыптыр» ж.б.у.с.);
2. Алтын эрежелер эске түшүрүлөт:

а) сабакка активдүү катышуу;
б) башкалардын оюн толук угуу;
в) тартип болсо-тактык болот;
г) ырыс алды-ынтымак
3. БББ таблицасын даярдоо

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |

4.Борборлорго ар бирине тиешелүү тексттерди таркатып берүү. Жогорку класстын окуучуларына мындай сабак өтүлсө алар өздөрү керектүү материалдарды таап даярданып келишет 6-классты көнүктүрүү максатында аларга даяр материалды сунуш кылып жатабыз.

**I.Тарых борбору.**

Текст: Толубай сынчы тарыхта жашап өткөн адамбы? Балким, ошондойдур, балким андай эместир. Оозеки баяндарда Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Жээренче чечен, Акыл Карачач, Асан Кайгы, Алдар Көсө сыяктуу калк ичинен суурулуп чыккан алдыңкы адамдар бири-бирине байланышта, замандаш катары айтылат, алардын көбү Жаныбек деген каардуу залим хан менен күрөшкө чыгышат.

Поэмага эпиграф катары акын «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген элдик нуска сөздү алат. Окуучулар Толубай сынчы менен алдыда таанышат, а Токтогул ырчы ким? Бул ысымды көпчүлүк акын Токтогул Сатылганов менен байланыштырышат. Жок, бул ылакап Т.Сатылганов жашаган мезгилден бир топ мурун эле эл тарабынан айтылып келген.

XIV-XV-кылымда Токтогул деген ырчы жашаптыр, ал теңсиздикке, адилетсиздикке каршы ырдаганы үчүн жергиликтүү бийлик өкүлдөрү тарабынан Самарканга айдалып, ал жактан Амир Темир (1368-1405) дарга астырып, өлүгүн төөгө артып, ээн талаага айдатып иет. Сөз илгери өткөн Токтогул ырчы жөнүндө баратат, тилекке каршы, ал ырчынын ырлары, өзү да таанылбай жок болуп кеткен. Аты ылакапка айланды.

Башкы каармандардын бири - Азиз хан. Ал Алтайдан Алайга чейинки зор аймакка ээлик кылган, миң сан колу бар, «жер көтөргүс күчкө толгон» теңдешсиз өкүмдар. Анан ал ошончо дүнүйө-мүлкүнө ыраазы болбой, кытайдан доо алам деп камылга көрөт.

Керектүү материалдар: ватман, калемсап, кагаз, маркер, сызгыч, сөздүк.

**II. Адабият борбору.**

Толубай жөнүндөгү уламышты А.Осмонов кара сөз түрүндө жазып алды, кийин аны поэтикалык формага эки варрантта (1937-1944) иштеди, Ж.Садыков куурчак театрлары үчүн драмалык текте сүйлөттү, К.Жусубалиев «Толубай сынчы», Ш.Абдраманов «Саяпкер» деген аңгеме жазышты, легенданын негизинде сөлөкөт (мультфильм) жана диафильм тартылды.

Уламыштагы эң башкы сапат өтө курч социалдык карама-каршылык, бийлөөчү таптын өкүлдөрүнүн акмактыгы, алардын карапайым адамдарга жана жаныбарларга теңсинбей мамиле жасашы, кыянаттык менен карасанатайлыктын убактылуу салтанаты, өнөр күчүнүн жеңиши.

Автордун «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген эпиграф менен баштап жатканы да бекеринен эмес. Бул эпиграфта элдин өнөр адамына карата бийик баасы, критерийи жатат, тарбиялык чоң маани камтылган, кыргыз элинде акындык өнөрдүн бийиктиги катары Токтогул айтылса, сынчылык өнөрдүн бийиктиги катары Толубай ысмы турат. Сөз өнөрү – ырчылык, чечендик, тапкычтык, ошондой эле-сынчы саяпкерлик, айлакерлик менен элдин идеал каармандары Азиз хан сыяктуу каардуу, залим хандарды жеңип чыгат. Мына ошондой элдик түшүнүктөн, элдик ишенимден, көркөм кыялдан жаралган элдин сүйүктүү каарманы саяпкер - сынчы Толубай.

Керектүү материалдар: ватман, сызгыч, терминдик сөздүктөр, кагаз, калем, чыгарманын оргиналы.

**III. Сүрөт борбору.**

Ошентип тулпарды тандоо башталды. Кандай аттар өттү? «Көйрөңдөгөн», «азоо күлүк», буудандар өттү, көздү тойгузуп «булкунган» күлүктөр өттү, бирок анын баары сынчы үчүн «кумурскадай кунсуз» болду, «көрөгөч алп кара куш сыяктанып күзгү узун түн түнөргөндөй» түнөрүп отура берди. Сынчы үчүн хандын сансыз миң малы эч нерсеге арзыбады, алар сырты жалтырак бир нерселер экен. Алтайдан Алайга чейин бийлик жүргүзгөн кудуреттүү хандын бир да аты тулпарлыкка жарабады. Чыныгы тулпар Кармыш кулдун бозу экен. Ал көйрөңдөнбөй, жибек килем үстүндө ойнобой, ак күрүчтөн кепшебей эле «кырчаңгы, арык, ачка эшек кейпинде кыбырап, сылтып басып жүрүптүр».

Толубай жаман бозду кырк бир күн таптап минип чыкты. Баягы жаман ат, көрсө укмуш тулпар тура! Аттын оозун кое бергенде, кара жер камгак болуп тегеренет, «аркырап учкан боздун арышына жер да тар, асман да тар, аалам да тар…», ал чуркап бара жатканда тоодой таш кумдай болуп быркырады.

Чиркин ай, жибек көкүл не укмуш ат,
Чолпон көз, чүрөк моюн, алтын туяк.
Рахмат сымбатыңа деген кезде
Жүрө албай туруп калды жер чапкылап.

Керектүү материалда: түстүү маркерлер, кагаз, скотч, боектор, клей, ватман, кайчы, сүрөттөр.

**IV. Мыйзам борбору.**

Толубай сынчы өнөрүнүн чындыгы үчүн, адилеттик үчүн жазага тартылды – эки көзүн оюп алышты. Эки көздөн ажыроо – эң оор жаза, саяпкер-сынчы үчүн андан бетер оор. Эмне үчүн элдик уламышта эки көзүн ойдурат. «Көз - чырак» дейт элибизде. Көз – чырак, көз менен Адам дүйнөнү көрөт, чындыкты таанып билет, ак-караны ажыратат. Бул биринчиден, Азиз хандын мыкаачылыгынын ашкереси, көздү ойдуруу менен ал өзүнүн ким экенин дагы бир жолу тастыктап өттү, ал адамдын жүрөгүн сууруп алгандан жаман кылды, ошол эле кезде ал өнөр күчүн сезбеди, сынчылык өнөрдү өзүнүн тагынын, бийлигинин айланасына чимирилтип айлантkысы келди. Өнөр менен таңууланган бийлик, чындык менен жалган экөө эч качан бириге албайт. Толубай хандын атынан бирди тандап ушул тулпар деп айтса деле болмок, ал көздүү калмак, а түгүл сыйлык алмак. Хан сарайынын сыйлуу сынчы-саяпкери болмок. Бирок антпеди. Көз - жалганчы, көз сырткы белгилерге азгырылып кетет деп, ал туяктарды гана карап, дүбүрт угуп, басык тыңшап, көзүн жерден албады. Акыры анысы жазага кириптер кылды, дале чындыктан тайбады. Чындык үчүн күрөшүү - Толубай үчүн күчсүздүктөн, өлүмдөн алда канча өйдө турду. Азиз хан сынчынын көзүн оюу менен өзүнүн көзүн ойду, чындыкты тааный албай акыры өзү жок болду. Ээн талаада мактанган тулпары менен маскара болуп кала берди. Ошентип, биринчиден өнөр жеңди, экинчиден, карапайым калктын өкүлү жеңди, үчүнчүдөн чындык жеңди. Үч жеңиш Толубайдын легендарлык эрдигинин үч булагы.

**Керектелүүчү материалдар:** *ручка, кагаз, КРнын Мыйзамдарынын кодекси, гезиттик материалдар, маркер, скотч.*

**I. ТИЛ БОРБОРУ.**

Туйгундай колду жарып, кайып учуп,
Туйлатып, туу кармаган эр минсечи…
Эртеси Азиз падыша Толубай чалды,
Вазирден тез чакыртып жанына алды.
Куп дебей, же жок жебей,
Түнөрүп күзгү узун түн түнөргөндөй.
Аңгыча, ай-жылдыздай асмандагы,
Асемдүү алтын тубар жабуулары.

Сынчы ата бейит окшоп, үнсүз, сөзсүз,
Былк этпейт, дабыш бербейт, көз ирмебейт.
Чаалыкпас, арыбас кылып ашуу, зоодо.
Кайыкпас, талбас кылып борошого,
Кулпунтуп, тулпар кылып минип чыкты,
Сынчы ата туура кырк бир күн болгондо.
Кемпири аттын оозун кое берди,
Кара жер камгак болуп тегеренди.
Чиркин ай, Жибек көкүл не укмуш ат,
Чолпон көз, чүрөк моюн, алтын туяк.
Боз тулпар шарт бурулду, аркырады,
Тоодой таш кумдай болуп быркырады.

**Керектелүүчү куралдар:** *ручка, кагаз, сөздүктөр, маркер, ватман, сызгыч, калем, китептер.*

Борборлор тексттер менен таанышып чыккандан кийин ар бири өздөрүнө тиешелүү материалдар менен иштешет. Өз ара талкуу жүргүзүшөт да өздөрүнө берилген тапшырмаларды коргоого даярданышат. Мисалы, «Тил борборундагылар» поэмадан алынган үзүндүлөрдөн тилге тиешелүү (синонимдер, тарыхый сөздөр, өтмө маанидеги сөздөр,.. көркөм сөз каражаттары, салыштыруу, гипербола, метафора ж.б.) материалдарды таап, сөздүк түзүп, ар бир сөзгө комментарий даярдашат.

Алсак: чалыкпас-арыбас
бейит-мазар-мүрзө
падыша-бийлик ээси
вазир-хандын жардамчысы, жан жигити.

«түнөрүп күзгү узун түн түнөргөндөй», «ай-жылдыздай асмандагы», «туйгундай», «чолпон көз, чүрөк моюн» - салыштыруулар, «кара жер камгак болуп быркырады»-күчөтмө маани, же апыртуу ж.б.

Ушундай тиризде айрым сөздөргө сыпаттама берилгенден кийин, эрежелерин эске түшүрүп, өз ойлорун далилдөөгө даярдык көрүлөт. Кошумча тапшырма катары ***синквейн*** түзүшөт.

**Синквейн**

1. Зат атооч – Толубай
2. Сын атооч – акылдуу, көрөгөч
3. Этиш – сындайт, таптайт, жеңет
4. Өмүрү легендага айланган инсан (4 сөздөн турган сүйлөм)
5. Синоним – адам

Ал эми «Мыйзам» борборундагылар сот процессин даярдап ролдор боюнча бөлүштүрүлүп чакан сценка көрсөтүшөт.

**Сотко катышуучулар:**

1. Сот-
2. Айыпкер – Азиз хан
3. Каралоочу – эл
4. Актоочу (адвокат) – хандын вазири
5. Күбөлөр – Толубайдын кемпири, жөкөрлөр
6. Жабырлануучу – Толубай.


Азиз ханды соттоо процессинде окуучулар Толубай сынчыга карата адилетсиз, зордукчул, ырайымсыз мамиле жасап, анын көзүн оюп алганы үчүн айып коюшуп, ага карата өздөрүнүн сот өкүмүн чыгарышып, мыйзам алдында кылмышкер деп эсептеп жоопко тартышат.

«Сүрөт» борборундагылар поэманын сюжетинин негизинде каармандарды, күлүктөрдү элестетишип сүрөт тартышат. Тартылган сүрөттөргө презентация жасашат. Сүрөт көргөзмөсүн уюштуруп, ар бир сүрөткө чыгармага байланышкан баяндама беришет.

Кошумча Толубай сынчынын өнөрүн ассоциациялагыла (эмне менен байланышат, эмнени эске салат? Эмнеге теңөөгө болот? деген мааниде). Балдар өз элестетүүлөрүн сүрөт


аркылуу чагылдырышат. Мисалы, кол жеткис Күнгө, бийик тоого, чалкып жаткан мухитке, шаркырап аккан дайрага, көкөлөп өскөн чынарга ж.б. теңеп, өз кабылдоолоруна жараша мүнөздөөгө аракет кылышат.

«Адабият» борборунда чыгарманын жалпы көркөмдүк баалуулуктары талдоого алынат. Толубай сынчынын, Азиз хандын образдарын ачып берүү максатында баяндама жасалып, Вендин диаграммасын түзүшөт.




Диаграмманын бир жагына каармандардын айырмачылыктары, экөөнүн бириккен жериндеги жалпы бөлүккө Толубай менен Азиз хандын жалпылыктары, окшош жактары түшүрүлөт. Жазылган сапаттардын айрымдарына комментарий жасашып, ойлорун далилдешет.

Тарых борбору өздөрүнө берилген текст боюнча тарыхый маалыматтарды талдоого алышып, андагы материалдарды өз ара талкуулап, презентация жасоого даярдашат. Поэманын эпиграфы «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген тема катары тандалат.




Борборлор презентацияларын жасап бүткөндөн кийин жогоруда даярдап коюшкан «Билем, билдим, билгим келет» таблицаларын толтурушат, анализдешет. Окуучулар арасында талкуу жүрүп, айрым материалдарга тактык киргизүү максатында бири-бирине суроолор беришет, өз ой – пикирлерин, кошумчаларын, толуктоолорун айтышат.

Сабактын акырында үй тапшырмасы берилип, мугалим тарабынан активдүүлүк борборлорунун бүгүнкү сабакта өткөргөн иштери жалпы жана жекече бааланат, жыйынтык чыгарылат.